# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№ 45

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 13-сентябрындагы №16 “Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чаралары тууралуу кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча жана мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 13-сентябрындагы №16 “Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чаралары тууралуу жазык-процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Токтомдун преамбуласындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгүн, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасын” – деген сөздөр “**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 18, 19-беренелерин**” - деген сөздөргө алмаштырылсын, андан ары текст боюнча.

**2.** Токтомдун 1-пунктунда:

- 1-абзацтагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-бер. менен кепилденген адамдын укуктарын сактоону камсыздоого жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин (мындан ары - КР ЖПКси) 44, 45, 98-105, 256-бер.” – деген сөздөр “**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-бер. менен кепилденген адамдын укуктарын сактоону камсыздоого жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары - КР КЖПКси) 43, 44, 96-103, 265-бер.”** – деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 3-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“**Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тергөө судьясы тарабынан алардын токтомунун негизинде кармоо жүргүзүлгөн, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлөт.**”

- 4-абзацтагы “256-бер.” – деген сөздөр “**265-бер**.”- деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 5-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Соттук отурумда кармоонун процедурасы жана кармоо учурунда шектүүнүн укуктарын камсыз кылуу жөнүндө КР КЖПКнин ченемдеринин талаптарынын сакталгандыгы текшерилүүгө жатат. Шектүүнү иш жүзүндө кармоо учурунда, тергөөчү жана кармоону түздөн-түз жүргүзгөн башка адамдар (ыкчам кызматкер, милициянын аймактык инспектору жана башкалар) тарабынан ага эмнеден шектелип жаткандыгы жарыялануууга, ошондой эле өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө, адвокат алуу жана мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укуктары түшүндүрүлүүгө тийиш (КР КЖПКнин 97-бер. 1-бөл).”;

- 6-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тергөөчү тергөө судьясына милдеттүү түрдө төмөнкүлөрдү тастыктаган далилдерди берүүгө тийиш:

1) шектүүнү кармоо жөнүндө токтомдо көрсөтүлгөн убакыт менен иш жүзүндө кармоо жүргүзүлгөн убакыттын туура келгендигин (КР КЖПКнин 97-бер. 2-бөл.);

2) кармалган адамга бир жолу телефон менен акысыз натыйжалуу жана көзөмөлдөнгөн сүйлөшүү берилгендигин (КР КЖПКнин 44-бер. 1-бөл. 5-п.);

3) иш жүзүндө кармалгандан кийин шектүүнүн кармалгандыгы жөнүндө жакын тууандарына, жубайына, ошондой эле адвокатына токтоосуз маалымдалгандыгын (КР КЖПКнин 102-бер. 1-бөл.);

4) иш жүзүндө кармалган учурдан тартып өзү тандаган адвокаттын жардамы алдында коргонуу мүмкүнчүлүгү берилгендигин (КР КЖПКнин 44-бер. 1-бөл. 4-6-п.), ал жок болгон учурда адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат берилгендигин (КР КЖПКнин 50-бер. 4-бөл.) тастыктоочу далилдерди бериши керек.”.

**3.** Токтомдун 2-пункту алып салынсын.

**4.** Токтомдун 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Бөгөт коюу чаралары айыпталуучуга тергөөдөн жана соттук териштирүүдөн качууга жол бербөө, анын мыйзамсыз аракеттерине бөгөт коюу, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн талаптагыдай жүрүшүн камсыз кылуу максатында колдонулуучу укуктук чектөөлөр экендигин соттор эске алуусу керек.

Бөгөт коюу чаралары төмөнкүлөрдү камтыйт: башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу; электрондук байкоо жүргүзүү; аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү; баланы ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү; күрөө алуу; үй камагы; камакка алуу.”.

**5.** Токтомдун 4-пунктунда:

- 1-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы тергөө судьясы тарабынан колдонулса, ошондой эле бөгөт коюу чарасы камакка алууга өзгөртүлүп, издөө жарыяланган айыпталуучу кармалган учурда кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү текшерилбейт, анткени аны өзгөртүү соттук актынын негизинде жүргүзүлгөн.”;

- 3-абзацтагы “шектүү (айыпталуучу)” – деген сөздөр “**айыпталуучу**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**6.** Токтомдун 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖПКнын 104-116, 248-бер, 266-бер. ылайык, тергөө судьясы тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча айыпталуучуга карата бөгөт коюу чарасын колдонууга, узартууга, өзгөртүүгө же алып салууга укуктуу.

КР КЖПКнын 266-бер. 5-бөл. 2-п. ылайык, тергөө судьясы тергөөчүнүн өтүнүчүндө белгиленген бөгөт коюу чарасынан жана айыпталуучунун абалын начарлатпай турган башка дагы бөгөт коюу чарасын колдонууга укуктуу экендигине тергөө судьяларынын көңүлү бурулсун.

Кылмыш куугунтугу кыскартылган учурда бөгөт коюу чарасын жокко чыгаруу көзөмөлдөөчү прокурордун макулдугу менен кылмыш өндүрүшүндө кылмыш иши бар органдын токтому боюнча жүргүзүлөт (КР КЖПКнын 116-бер. 3-бөл., 258-бер. 2-бөл.).

Бөгөт коюу чарасын колдонуу, узартуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүнө КР КЖПКнын 243-бер. каралган тартипте айыпталуучуга берилген күндү жана убакытты көрсөтүү менен КР КЖПКнын талаптарына ылайык түзүлгөн адамды айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтом жана бекитилген айыптоо актысы тиркелиши керек, ошондой эле айыпталуучунун инсандыгын мүнөздөгөн (үй-бүлөлүк абалы, ден соолугунун абалы, анын багуусундагы жашы жетпеген балдары, ата-энеси, билими, иштеген иши, сыйлыктары, кошкон өзгөчө салымдары ж.б. тууралуу) документтер тиркелиши мүмкүн.

Сот тергөөчүнүн мурда тандалып алынган бөгөт коюу чарасын жеңилирээк чарага өзгөртүү жөнүндө өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартууга укуксуз.".

**7.** Токтомдун 6-пунктунда:

- 2-абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Бөгөт коюу чарасын колдонуу тууралуу маселе тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча ачык соттук отурумда каралып, ал боюнча өзүнчө токтом чыгарылат. Тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга жол бербөө максатында (КР КЖПКнин 167-бер., 291-бер.) соттук отурумдун катышуучуларынын (тергөөчүнүн, шектүүнүн, жактоочунун, мыйзамдуу өкүлдүн) өтүнүчү боюнча бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчү жабык соттук отурумда каралышы мүмкүн.".

**8.** Токтомдун 7-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Айыпталуучу жокто камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жана анын мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселени кароо анын келишин камсыздоо боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин гана жол берилээрине тергөө судьяларынын көңүлү бурулсун (КР КЖПКнин 266-бер. 3-бөл.).

Тактап айтканда, тергөө судьясы айыпталуучу жокто төмөндө көрсөтүлгөн чечимдердин бирин кабыл алууга укуктуу:

а) тергөөчүнүн токтому менен издөө жарыяланган айыпталуучуга карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө (КР КЖПКнин 248-бер.);

б) тергөө жүргүзүүчү органдардан жашырынгандагы тергөөчү тарабынан ынанымдуу тастыкталган шартта камакта кармалбаган айыпталуучуга карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;

в) психикалык абалына байланыштуу соттук отурумга жеке катышуусу мүмкүн болбосо же аны сотко жеткирүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган документтер менен тастыкталган башка жагдайлар болгондо, стационардык соттук-психиатриялык экспертизада жаткан айыпталуучуга карата камакта кармоо мөөнөтүн узартуу жөнүндө.

Айыпталуучу жокто аны камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жана анын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү тергөө судьясы тарабынан кароодо адвокаттын катышуусу милдеттүү болуп саналат.

Бөгөт коюу чарасы жөнүндө маселенин айыпталуучу жокто каралышы, ага соттун чечимине даттанууга жолтоо болбойт.".

**9.** Токтомдун 8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кылмыш иши боюнча тергөөнүн жүрүшүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч тергөө өндүрүшү жүргүзүлгөн жер же айыпталуучуга кармалган жер боюнча райондук соттун тергөө судьясы тарабынан каралаарына тергөө судьяларынын көңүлү бурулсун (КР КЖПКнин 106-бер. 5-бөл.).".

**10.** Токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү жана узартуу маселесин кароо үчүн айыпталуучуну сотко алып келүүнү уюштуруу милдети тергөөчүгө жүктөлөт (КР КЖПКнин 37-бер. 1-бөл. 7-п., 119-бер. 6-бөл.).

Сотко айыпталуучу алынып келинбегендигине байланыштуу бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтү кароого жана өтүнүчтүн маңызы боюнча чечим кабыл алууга мүмкүн болбогон учурда (КР КЖПКнин 266-бер. 3-бөл. ылайык, айыпталуучу болбогон учурдан тышкары), тергөө судьясы токтом менен прокурордун өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартат.”.

**11.** Токтомдун 10-пунктунда:

- 1-абзацтагы “257-бер.” – деген сөздөр “**266-бер**.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

- 2-абзацтагы “108-бер. 5-бөл.” – деген сөздөр “**106-бер. 7-бөл**.”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**12.** Токтомдун 11-пунктунда:

- 1-абзацтагы “КР ЖПКнин 293-бер. белгиленген тартипте, КР ЖПКнин 106-118, 239, 270-272-бер.” – деген сөздөр “**КР КЖПКнин 303-бер. белгиленген тартипте, КР КЖПКнин 104-116, 248, 279-281-бер.**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

- 2-абзацтагы “268-бер. 1-бөл. 3, 4-п.” – деген сөздөр “**277-бер. 1-бөл. 4, 5-п.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 3-абзацтагы “сотко чейинки өндүрүштү” – деген сөздөр “**тергөө**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-абзацтагы “274, 293-бер.” – деген сөздөр “**283, 303-бер**.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**13.** 12-пунктундагы “270-бер.” – деген сөздөр **“279-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**14.** Токтомдун 13-пунктунда:

- 1-абзацтагы “119-бер.” – деген сөздөр “**117-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 2-абзацтагы “сотко чейинки өндүрүштө” – деген сөздөр **“тергөө өндүрүшүндө**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын, ал эми “107-бер.” – деген сөздөр “**105-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**15.** Токтомдун 14-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“КР КЖПКнын 303-бер. ылайык, соттук териштирүүнү мөөнөтүндө аяктоо мүмкүн болбогон учурда жана бөгөт коюу чараларын өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн негиздер болбогондо, камакка алуу, үй камагы түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонуу мөөнөтү ар бир жолу 2 айга чейинки, бирок бир жылдан ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн экендигине судьялардын көңүлү бурулсун.

Айыпталуучу келбеген учурларды кошпогондо, сот жыйналышынын убактысы жөнүндө өз убагында кабарландырылган тараптардын жүйөлүү себептерсиз келбей коюусу өтүнүчтү кароо үчүн тоскоолдук болуп саналбайт. Адвокат келбеген учурда айыпталуучу аны башка адвокат менен алмаштырууга укуктуу (КР КЖПКнын 266-бер. 2-бөл.).”

**16.** Токтомдун 15-пунктунда:

- 2-абзацтагы “117-бер.” – деген сөздөр **“115-бер**.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**17.** Токтомдун 16-пунктунда “291-бер. 3, 5, 6-бөл.” – деген сөздөр **“301-бер. 3, 6, 7-бөл**.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**18.** Токтомдун 17-пунктунда:

- 2-абзацтагы “жактоочу” – деген сөздөр **“адвокат**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

- 1-абзацтагы “244-бер. 4-бөл.” – деген сөздөр “**253-бер. 4-бөл**.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**19.** Токтомдун 18-пунктунда “294-бер.” – деген сөздөр **“304-бер.”** - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**20.** Токтомдун 19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Айыпталуучуда камакка алууга тоскоол болгон, белгиленген тартипте жүргүзүлгөн медициналык кароонун жыйынтыгы боюнча медициналык корутунду менен ырасталган оору аныкталса, сот камакка алуунун мөөнөтүн узартууга укугу жок экендигине судьялардын көңүлү бурулсун (КР КЖПКнын 116-бер.).

Айыпталуучуну камакка алууга тоскоол болгон оор оорулардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилет. (КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 29-июлундагы N 457 "Шектүү жана айыпталуучу адамдарды камакта кармоого тоскоол болгон оор оорулардын тизмегин бекитүү жөнүндө" токтому).”.

**21.** Токтомдун 21-пунктунун 1-абзацтагы “115-бер.” – деген сөздөр **“113-бер.**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча.

**22.** Токтомдун 22-пунктунда:

- 3-абзацтагы “114-бер.” – деген сөздөр **“112-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

- 4-абзац төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

“Күрөө айыпталуучу тарабынан КР КЖПКнын 112-бер. 4-бөл. каралган кылмыш жасалган учурда, ошондой эле шектүү, айыпталуучу тарабынан тергелип жаткан жазык иши боюнча мурда колдонулган бөгөт коюу чарасы бузулган учурда белгиленбейт.”.

**23.** 24-пункттан кийин токтом төмөнкүдөй мазмундагы “24-1.” - пункт менен толуктালсын:

“24-1. Соттор өзгөчө оор кылмыштарды жасаган жана КР КЖКнын VI бөлүмүндө каралган оор кылмыштарды жасаган айыпкерлерге карата электрондук байкоо жүргүзүү колдонулбай тургандыгын эске алышы керек.

Экономикалык ишти жүзөгө ашыруучу субъекттерине карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө биринчи кезекте электрондук байкоо жүргүзүүнү колдонуу каралышы керек (КР КЖПКнын 109-1-бер.).

Электрондук байкоону колдонуунун, ошондой эле электрондук жана башка техникалык контролдоо каражаттарын пайдалануунун шарттары жана тартиби КР Министрлер кабинети тарабынан мыйзамдык талаптарга ылайык белгиленет. (КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы N 237 “Электрондук байкоо жүргүзүүнү аткаруу, контролдоонун электрондук жана башка техникалык каражаттарын пайдалануу тартибин жана шарттарын бекитүү жөнүндө” токтому).”.

**24.** Токтомдун 25-пунктунун 1-абзацтагы “Жашы жете элекке” – деген сөздөр **“балага**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча тиешелүү жөндөмдө, ал эми “451-бер.” – деген сөздөр **“460-бер.**”- деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**25.** Токтомдун 26-пунктундагы “108, 117 жана 257-бер.” – деген сөздөр **“106, 115 жана 266-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**26.** Токтомдун 27-пунктунун 1-абзацтагы “409-бер.” – деген сөздөр **“417-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**27.** Токтомдун 28-пунктунун 1-абзацтагы “394-бер.” – деген сөздөр **“401-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**28.** Токтомдун 29-пунктунун 1-абзацтагы “402-бер.” – деген сөздөр **“410-бер.**” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**29.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**